УДК. 372.853. (575.2)(043.3)

Курманкулов Шекербек Жанышбаевич - п.и.д., профессор,
Т.Т. Таштанбекова
Талас мамлекеттик университети
Sheken-55@mail.ru

## МЕКТЕПТЕРДЕ ИННОВАЦИЯЛЫК САБАКТЫ ӨТҮҮ ТЕХНОЛОГИЯСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Интерактивдүү окутуунун келип чыгуу башатына сереп салып, салттуу окутуунун алгылыктуу жана мүчүлүш жактарына анализ берүү менен инновациялык интерактивдүү сабакты уюштуруунун өзгөчөлүгүнө токтолгон. Кырдаалга жараша инновациялык окутуу технологиясын өзгөртүүдө окутууну уюштуруунун маанисине көңүл бурулган. Окутуу технологиясын өзгөртүү механизмин үч аргументтик факторлордун корреляциясынын негизинде чечүү сунушталган.*

*Негизги сөздөр: Дидактика, инновация, парадигма, билим берүү стандарты, окутуу технологиясы, интеллект, аргумент жана функция, корреляция, салттуу жана интерактивдүү окутуу, факторлор, айкалышуу.*

Курманкулов Шекербек Жанышбаевич - д.п.н., профессор
Т.Т. Таштанбекова,
Таласский государственный университет
Sheken-55@mail.ru

## ОСОБЕННОСТИ ТЕХНОЛОГИИ ПРОВЕДЕНИЯ ИННОВАЦИОННОГО УРОКА В ШКОЛАХ

*В данной работе анализированы преимущества и малые неудобства традиционных уроков и показаны первоисточники инновационных занятий. Предлагается изменить организацию инновационной технологии с помощью трех аргументных факторов при их корреляции.*

*Ключевые слова: Дидактика, инновация, новая парадигма, образовательный стандарт, технология обучения, интеллект, аргумент и функция, корреляция, традиционное и инновационное обучения, факторы.*

Kurkmankulov Shekerbek Zhanyshbaevich - Ph.D., Professor,
T.T. Tashtanbekova,
Talas State University

## SPECIFICS OF TECHNOLOGY OF TEACHING INNOVATIVE LESSONS AT SCHOOLS

*The given study analyzed advantages and small disadvantages of traditional lessons and origins of innovative lessons were shown. It is suggested to change management of innovative technology using three argument factors with their correlation.*

*Key words: Didactics; innovation; new paradigm; educational standard; teaching technology; intellect; argument and function; correlation; traditional and innovative teaching; factors.*

Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн жаңы муундагы мамлекеттик стандарты иштелип чыгып, талкудан өтүп ишке ашырууга берилди [1]. Мында төмөнкү орчундуу маселелерге көңүл бурулган:

1. Предметтик тармакта билим берүүнүн мазмунун өзгөртүү.
2. Билим берүү предметтеринин, баскычтарынын ортосундагы билим берүү мазмуунун жакындаштыруу, жана реалдуу турмуш менен салыштырып кароо.
3. Тилге окутуунун ыкмаларын өзгөртүү (Окуучулардын окуу материалын өзү окуп түшүнө билүүсүнө үйрөтүү).
4. Сабак берүүнүн, окутуунун жана баалоонун методдору менен ыкмаларынзаман талабына төп келтирүү.

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин көп жылдарга чейин орто мектептерде билим берүү негизинен салттуу окутуу технологиясын алкагында жүрүп келген. Ошондуктан төртүнчү маселе актуалдуулукту жаратып, окутуу технологиясынын өзгөрүү маселесине чоң көнүл буруу талап кылынууда. Анткени салттуу окутууда окутуу процессин ишке ашыруудагы негизги эмгек, аракет мугалимдин мойнунда болгон. Бул учурда мугалим биринчи кезекте талапты өзүнө койгон. Эмне кылуу керек, кайсы ыкмаларды, кайсы дидактикалык материалдарды колдонуу жана сабакка кандай даярдануу керек деген маселелерди өзүнүн иш аракетин уюштуруу менен гана чечүүгө аракет жасалган. Ошондой эле окутууда мугалим көбүнчө өзүнүн гана күчтүү жактарына таянууга аракет кылган. Ал эми инновациялык интерактивдүү сабактарды өтүү үчүн өзүнүн гана эмес окуучулардын дагы күчтүү жактарына таянуу менен окуучулардын дагы акыл потенциалын пайдалануу зарылдыгы келип чыгууда. Мугалим талапты өзүнө гана койбостон окуучуларга дагы коюсу зарыл экендиги билинди. *Мугалимдинөздүк иш аракетин уюштуруусу окуучулардын иш аракетине таасир эткидей, түрткү болгудай кылып жүргүзүү зарылдыгы жаралды. Мында мугалим* өзүнүн гана иш аракетин көзөмөлгө албастан, окуу жүгүн окуучуларга оодаруу менен аларды ишке чегерип, иш аракетине байкоо жасап, анын ийгиликтүү жүрүшүн көзөмөлгө алуу жана ага багыт берип туруусу абзел.

Жаңы муундагы стандарттын дагы бир орчунду маселеси б.а. негизги түпкү талабы билим берүүнүн сапатын жакшыртуу. Билим берүүнүн сапатын жакшыртуунун негизги жолдорунун бири, бул билим берүү тарамдарын окутуу технологиясын жакшыртуу, жаңылоо. б.а. анын өзөгүн түзгөн "салттуу" сабак өтүүнүн алгылыктуу, прогрессивдүү жактарын сактап калуу менен, инновациялык кырдаал жаратып, "салттуу" сабактын сапатын, структурасын, мазмунун, формасын өзгөртүү, байытуу жана өнүктүрүүнүн негизинде башка интерактивдүү формадагы иновациялык сабактарды өткөрүү болуп саналат. Сабактын структурасы бир мүнөздүү болбой, ар түрдүү, кызыктуу жана көп вариантуу кылып уюштуруунун үстүндө изденип эмгектенүү азыркы мезгилдин талабы жана бул проблеманын актуалдуу экендигин билдирет. Анткени, эгерде мугалим окутуунун заманбап ыкмаларын өздөштүрүп, колдонууну үйрөнсө дагы, окутуунун стратегиялык багыттарын, жаңы парадигмаларды билсе дагы, мугалимде окууну уюштуруучулук жөндөмү өнүкпөгөн болсо, анда инновациялык сабак өтүлүп жаткан класста "хаос" өкүм сүрүшү мүмкүн экендиги билинди [2].

Инновациялык сабактардын келип чыгуу тарыхына кыскача кайрылып өтөлү. Скаткин М.Н. окутуу процессинин өркүндөтүү маселелерин кароодо сабак өтүүнүн уюштуруу формасы ар кандай болуу керектигин мурда эле айткан. Ошондуктан ал жалпы орто билим берүүчү мектептерде окутуу сабагын уюштурууда диференцирлөө маселесин сунуштап изилдеген [3]. Дифференцирлеп окутууну азыркы инновациялык багытта окутуунун бир белгиси катары б.а. инсанга багыттап окутуунун башаты деп карасак болот.

Физиканы окутуунун мыкты методисттердин катарында Шаталов В.Ф. окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталган ачык

перспективалар принцибин тапкан [4]. Мында мугалимге окуу матералын жөнөкөй түшүндүрүүгө, окуучулардын жеңил кабыл алуусуна, эсинде бекем сактап калуусуна ыңгайлуу шарттарды вербалдуу графикалык формада чагылдырган автордук окуу куралын түзгөн. . Окуучулардын *өз билимдерин өз ара текшерүүнүн оригиналдуу* формасын сунуш кылган. Окуучулардын биргелешкен аракетине өзгөчө көңүл бөлгөн. Ар бир окуучу бир эле убакта үйрөнүүчү жана текшерүүчү функцияларды аткарууга көнүгүшкөн. Окуучулардын окуу иштери көбүнчө дидактикалык оюн формасында өткөрүү практикаланып келген. Шаталовдун эмгегинде инновациялык окутуунун көптөгөн башаты, угуту пайда болгон. Мисалы айтсак, биргелешип окутуу, окуучуларга эркиндик берүү, бири бирин окутуу, топто, кичи топто иштөө, бири бирин баалоо жана дидактикалык оюндар менен сабак өтүү формаларын белгилеп кетсек болот. Бирок көп кырдуу окутуу технологиясы катары көнүл бурулбай калып, окутуу системасына терең колдонулбай калган.

В. Беспалько окуу-тарбия процессинде педагогикалык технологияны киргизүү боюнча алгачкы окумуштуулардын катарына кирет [5]. Бирок мында окутуу технологиясы бир багыттагы түз сызыктуу параметрдин негизинде өзгөрүүчү процесс катары каралган.

Жаратылыштагы жана коомдогу өзгөрүүлөр ар дайым адамдын ой жүгүртүүсүн өзгөртөт, жаратылышка жана коомго болгон көз карашын, мамилесин өзгөртөт. Ошондуктан ар кандай муундагы окуучулардын билим алууга болгон көз карашы, мамилеси жаратылыштагы, техника, технологиядагы айрыкча коомдогу мамилелердин өзгөрүүсүнө жараша өзгөрүүгө муктаж болот. Биз бул макалада бүгүнкү окутуунун интерактивдүү окутуу технологиясынын өзгөрүүсүнүн өзгөчөлүгүнө токтолуп карадык.

Технологиянын өзгөрүү маселесине келгенде, өндүрүшкө салыштыруу менен жеңил түшүнүүгө болот. Айталы, өндүрүштө кайсы бир заводдо чыгарылып жаткан тетикке же буюмга керектөөчүлөр тараптан болгон суроо-талаптын негизинде анын сапатын өзгөртүү максат болду дейли. Анда заводдун башкы технологу тетик жасоо технологиясынын кайсы бир процесстерине өзгөрүүлөрдү киргизүүсү керек. Мында технолог тетиктин сапатына таасир этүүчү факторлордун таасир этүү даражаларын билип, ошого карата аларга өзгөртү үкиргизүүнү ойлонот. Ал таасир этүүчү факторлордун өз ара көз карандылыгынын *корреляциясын* кайрадан эсептеп чыгуусу талап кылынат. Ошондон кийин гана ал талап кылынган керектүү сапаттарга ээ болгон буюмдарды алууга жетише алат. Канчалык факторлордун саны көп тандалып алынса, оптималдуу режимди табуу ошончолук татаалдайт. Ошондой эле жыйынтыкта алынуучу тетиктин талап кылынган сапаттарынын кай бир түрлөрүнө багыт алынат. Бул учурда тетиктин сапатын эмпирикалык негизде математикалык пландоо менен табылган факторлордун корреляциялык формуласынын жардамы менен аныктоого болот.

Окутууну технологизациялоо – бул окуу процессине катышуучу факторлордун биргеликтүү иш аракеттеринин көптүгү, окуу натыйжасына жеткирүүнү камсыз кылуусу экендиги аныкталган [6]. Окутууда окуу методдору, ыкмалары жана башка окуу каражаттарын жана формаларын тандоону уюштурууда алардын биргеликтүү аракети конкреттүү максатты ишке ашыргандай болуш керек жана окутуунун жетишүү көрсөткүчүн текшерүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу зарыл. Демек, окуучу, окутуучу жана окуу каражаттарынын өз ара жуурулушкан иш аракеттеринин негизинде окуучуну 1-акыл-энергетикалык абалдан 2-өнүккөн абалга көтөрүү, өзгөрүү багытындагы окуу процессин уюштуруунун ийгиликтүү ишке ашуусун окутуу технологиясы деп кабыл алсак болот.

Ошондуктан, окутуунун же билим берүүнүн технологиясын биздин көз карашыбыз менен төмөнкүдөй схемада элестетип берүүгө мүмкүн (1-сүрөт).

Окутуу технологиясында жетектөөчү ролду окутуу каражаттарына берүүнү белгилейт көрсөтүлгөн макаланын автору [7]. Мында окутуучу студенттерди окутпай

эле, башка, окуу иштери координациялоо, стимулдаштыруу жана окуу каражаттарын башкаруу функцияларын жасоого тийиш экендигин эске салат. Бирок, мындай деп кабыл алууга толук ынанууга болбойт. Анткени айрым гана студенттер толук кандуу бул функцияны аткарышы мүмкүн.




О К У Т У У   Т Е Х Н О Л О Г И Я С Ы

Сүрөт 1. Окутуу технологиясынын схемалык көрүнүшү.

Учурда өспүрүмдөр билим алуу үчүн мурдагыдай информациялык булак бирөө эмес, анын түрү көп. Ошондуктан заманга шайкеш келген башкача айтканда илимий-техникалык прогресстин деңгээлин, учур талап кылгандай чыгармачылык менен, алардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кирип, кызыгуусун ойгото ала тургандай кылып сабакты уюштуруу бул учурдун талабы. Ошондуктан окутуу технологиясында аткарылуучу процесстердин жүрүшүн оптималдуу уюштуруу чоң мааниге ээ экендигине көңүл бурууну сунуштайбыз. Инновациялык окутуу технологиясында *окутууну уюштуруунегизги ролду ойнойт* деген пикирдебиз.

Окутуу технологиясы сабак процессинде гана ишке ашат. Ал эми интерактивдүү инновациялык сабакта, “салттуу” сабактагыдай билим берүүнү уюштурууда баардык кырдаалга туура келген универсалдык формасын сунуш кылуу мүмкүн эмес. Анткени окутууда окуу материалынын мазмунуна жараша ар кыл методдорду, ыкмаларды жана формаларды колдонууда окутууну уюштуруу мобилдүү жана маневрдүү болуусу зарыл. Ошондуктан сабак өтүү технологиясын уюштуруунун механизми ар кыл учурга карата тандалган үч аргументтик факторлордун оптималдуу айкалышын табуунун негизинде ишке ашышы мүмкүн деп ойлойбуз. Анын негизинде окутууну уюштуруунун дидактикалык максатын ишке ашырууга болот. Айтылгандын негизинде окуу сабагын уюштуруунун технологиясынын төмөнкүдөй схемалык элесин жараттык (2-сүрөт).

Инновациялык окутуу технологиясын өзгөртүү механизми – бул үч аргументик факторлордун (мазмундук өлчөм чени. окутуу ыкмалары жана каражаттары, окутуу формалары) корреляциясын (айкашын) табуу менен ишке ашырууга болот деген ишенимдебиз.




Сүрөт 2. Окуу сабагын уюштуруу технологиясынын схемалык көрүнүшү.

Окутуу технологиясын өзгөртүүгө карата күтүлүүчү натыйжанын обьектиси болуп ага катышкан функциялык чоңдуктарга багыт алууда окуучулардын үч өлчөмдүү касиетин б.а. *табигый шык жөндөмүнө, базалык билим интелегине* жана *психологиялык кулк мүнөзүнө* (кабыл алуу, эске тутуу, эрк жана темперамент) жүргүзгөн анализдин негизинде күтүлүүчү натыйжаны өзгөртүүчү төмөнкү үч аргументтик чоңдуктар тандалып алынды. Алар, окуу материалынын мазмундук өлчөм чени (X), окутуу ыкмалары жана каражаттары (Y) жана окутуу формалары (Z). Булардын негизинде инновациялык окутуу технологиясында натыйжадагы күтүлүүчү чоңдуктун ийгилигин үч өлчөмдүү мейкиндиктеги корреляция менен анын сапаттык маанисин мүнөздөөнү төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот.

Тинн = к + а·X+ б·Y + с·Z [1]

Мында, к – технологияга катышкан бирок өзгөрбөгөн аргументтердин таасиринен келип чыгуучу коэффициент, а,б,с – тиешелүү, өзгөрүүчү аргументтердин таасир этүүчү деңгээлин көрсөтүүчү коэффициентер.

Жогоруда айтылган үч аргументтик чоңдуктарга карата окутуу технологиясын уюштуруп аткарууда үч аргументти тең биргеликте же жуп жубу менен айкалыштыра өзгөртүү максатка ылайыктуу. Керектүү учурда технологиялык циклдеги катышуучулардын баардыгына эмес кандайдыр бир бөлүгүнө (окуу ыкмасын, көрсөтмө куралдарды, тажрыйбаларды өзгөртүү же окутуунун активдүү, пассивдүү же интерактивдүү формаларынын бирин тандоо, ошондой эле окуу материалынын мазмунун жөнөкөй, татаал, тайыз, терең жактарга өзгөртүү, окуу материалынын көлөмүн азайтуу же көбөйтүү менен) өзгөртүү киргизүү же жакшыртуу менен натыйжалык кайсы бир сапаттын көтөрүү эффектисине ээ болушу мүмкүн Бир эле ыкманын жана окутуу формасынын айкалышуусу менен ар түрдүү сапаттык параметрди оптимизациялоо мүмкүн эмес.

Ар кандай чөйрөдө жаңылануу болуп турбаса, ошол чөйрө кызыгууну жоготот. Себеби ал чөйрө тажатма кайталануучу методдор менен чектелген болот. Ошондуктан чөйрө дагы, окутууну уюштуруу фомалары дагы заманга ылайык кайра жаралууга, жаңылануга багыт алышы закон ченемдүү процесс. Ошондуктан инновациялык окутуу тап-такыр жаңы деп кабыл албастан, эскинин жакшыртылган, өркүндөтүлгөн формасы катары кабыл алуу бүгүнкү максатка ылайыктуу болуп турат.

Инновациялык сабакты уюштуруу планында өтүлүүчү сабактын мазмунун тандап, даярдоодо *натыйжанын ченеми, көрсөткүчү* катары 3 нерсени эске алуу зарыл. Алар:

– окуучулар сабактын материалын жетиштүү өздөштүрө алабы?;

– окуучуга сабактын пайдасы барбы, же алган билимин турмушта пайдалана алабы?;

– окуучуга өнүгүүүчүн кандай социалдык ыктарды өстүрүү керек. Ошондо гана окутуучунун (мугалимдин) иш аракеттери «оң натыйжалуу», ал эми окуучулардын ээ болгон билими алар үчүн «баалуу» жана «пайдалуу» болот. Демек, окутуу процессин уюштуруунун дидактикалык максаты- бул окуучу менен окутуучунун, окутуу каражаттары менен жүргүзгөн иш аракеттеринен жаралган окуу процессин эффективдүү жүргүзүү б. а. окуу процессиндеги кездешкен проблемаларды чыгармачылык менен чечүүнүн жолдорун негиздеп табуу болуп саналат.

Инновациялык окутуу технологиясынын процессинин жүрүшүн туура уюштуруу, бир эле убакта уюштуруунун 4 методикалык милдетин позитивдүү чечүүгө мүмкүндүк берет деп ойлойбуз. Алар:

– окуу сабагынын процессинде пландалып коюлган максатына жетүүнү:

– окуу процесси мугалимдин башкаруу таасирине баш ийүүсүн;

– окуучулардын сабакка даярдыгы боюнча кандай абалда экенине карабастан окуу процессине активдүү катышуусун камсыз кылууну;

– окуучулардын сабак процессиндеги материалды өздөштүрүүсүн көзөмөлгө алуу менен баалоо функциясынын аткарылышын.

**Адабияттар:**


1. **Чыманов, Ж.А.** Окуучулардын оозеки сүйлөөсүн өркүндөтүүгө өзгөчө мамиле. [Текст] // Эл агартуу. -№9-10. -2013. -15-18б.
2. **Скаткин, М.Н.** Проблемы современной дидактики. 2-е изд. –М.: Просвещение, 1984. 256с.
3. **Шаталов, В.Ф.** Точка опоры. Организационные основы экспериментальных исследований. [Текст] - М.: Педагогика, 1987. -158с.
4. **Беспалько, В.П.** Слагаемые педагогической технологии. [Текст] М.: Педагогика, 1989. -192с
5. **Жанекова, Ш.А.** Игровые педагогические технологии. [Текст] // Вестник КГУ им. И. Арабаева. -2014. -№1. -С. 66-68.
6. **Син, Е.Е.** Средство обучения как возможный показатель технологичности учебного процесса .[Текст] // Вестник КНУ им Арабаева, Серия по физике, математике и информатике. -2013. -С. 56-59.
7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты». – Бишкек. -2014.-32б.